Кирг.
Н-45



# QARA BYLƟƟLƟR

QƄRGƄZMAMBAS 1939

6829.

H 46.

# QARA BYLƟƟLƟR

Кирг
H 45

Çьjnaqtь tyzgen
LINA NEJMAN
Syrettery F. GLEBOVDUQU



№ 3935

Qotorqon Q. EŞMAMBETOV

QЬRQЬZSTAN MAMLEKETTIK BASMASЬ
FRUNZE 1939 QAZAN

*MEKTEPKE CEJİNKI ÇANA*
*MEKTEP ÇAŞЬNDAQЬ BALDAR YCYN*

Çooptuu redaktor
ARALBAJEV A.

Texniceskij redaktor
GAJFULLIN N. A.

Çooptuu korrektor
MAMAKEJEV T.

Cьqьşьna çooptuu
QASЬMOV Z.

Teryygə 11/II 1939-çьl berildi. Basuuqa 9/V 1939-çьl qol qojuldu. Qaqazdьn formatь 62×88. Bir basma tabaqta 15 456 tamqa. Bardьqь 1 1/8 basma tabaq. Qьrqьzglavlit № Б-303. Qьrqьzmamaas № 55. Narjad № 0186. Tirazь 5125.

Qazan, Tatpoligraf Mislavskij 9, 1939-çьl.

6829



Qara byləələr dep: car qarqanь, taandь, qara qarqanь, saqьzqandь çana quzqundu ajtabьz.

Taan menen car qarqa ьntьmaqtuu boluşat; kəp ubaqta alar ujanь da bir çьqacqa çasaşat: car qarqa əjdərəək çaqьndaqь butaqqa, taandar ьldьjraaq çaqьndaqь butaqqa salьşat.

Saqьzqan menen qara qarqa ajrьm çaşaşat. Qara qarqa, car qarqa sьjaqtuu, ujanь baqtьn başьna çasaqandь çaqşь kərət, saqьzqan bolso top çьqactьn butaqtarьnьn daldaraaq çerine qana çasajt. Qara qarqa da, saqьzqan da əz ujalarь-

nьn ystyn majda cьrpьqtar menen çaap qojuşat. Anьn sebebi, alardьn ujalarьnьn turqan çerin ec kim bajqabasa eken çana buzbasa eken dep çasaşat. Uşintip øz ujalarьn çaqşь saqtaşat, biroq başqalardьqьn talaqandь çaqşь køryşøt. Ucup kele çatьşьp balapandardь çe çumurtqalardь ilip alьp, ujalarьn køzdøj qacьp çønøşøt.

Qara byløølør quzqundu çek køryşøt çana andan qorquşat. Al kyctyy çana qaarduu bolot. Majda quş emes, qozunu da coqup çiberet. Quzqun, bijik toodoqu asqalarda çalqьz çaşajt.





## SAQЬZQAN MENEN KICINEKEJ TAŞBAQA

Menin bir saqьzqanьm bar bolucu, al çaqşьnaqaj, uzun qujruqtuu ele. Al dajьm çer boortoqtop sekirip, qajda qandaj çaman emeler çatqandьqьn bajqap çyryycy. Al—sedep, topcu sьjaqtuu çaltьraq nerselerdi abdan çaqşь køryycy. Andajlardь kørøry menen, oşol zamat ilip alьp, bir çerge qatьp qojuucu. Bir çolu al qajcьnь da ilip ketiptir. Oşonduqtan men anь suqalaq saqьzqan dep atacumun.

Kyndørdyn birinde men yjgø taşbaqa alьp keldim. Al taşbaqa eŋ ele kicinekej bolucu. Saqьzqan dajьm taşbaqanьn artьnan curqacu.

Kyn sajьn men taşbaqanь tamaşa qьl-

sьn—dep qoroodoƣu ʙaqqa qojo ʙeryycy-
myn. Taşʙaqa kɵʙyncɵ ele tigilgen pьjaz-
dьn arasьna kirip çaşьrьnuunu çaqşь kɵ-
ryycy. Taşʙaqanь qajdan taap alarьn
saƣьzƣan çaqşь ʙilyycy. Saƣьzƣan pьjazdьn
arasьna kirip ʙarьp, pьjazdardьn saʙaqtarьn
qьjmьldatьp çatьp, taşʙaqanь taap aluucu
da, anьn çanьnan ketpej turup aluucu.
Oşentip çyryp ʙir kyny taşʙaqa çoƣolup
ketti. Biz anь izdedik, izdedik,—taşʙaqa
ec çerde çoq, tappadьq.



Men: uşul saƣьzƣan ʙir çaqqa syjrɵp
ketip çyrʙɵsyn?—dep ojlodum. Saƣьzƣan-
dьn artьnan tyşyp izildej ʙaştadьm.
Bajqasam—saƣьzƣan dajьm ele ʙir
taştьn ystynɵ ʙarьp oturat. Taştь aca sal-
sam, anьn aldьnda menin çoƣolƣon taş-
ʙaqam araꞑ çan ʙolup çatьptьr.

*Zooparktьn ʙilim qьzmatcьsь M. KRUMINA syjlɵp ʙerdi.*

Qardaj appaq,
Qoꞑuzdaj qapqara,
Pьjazdaj çaşьl,
Itterdej ajlanat,
Toqojƣo qajrьlat.

*Taʙьşmaq.*



## TAAN

Ujasьnan cьqqanьna on eki ƣana kyn
ʙolƣon taandьn ʙalapanьn yjgɵ alьp keliş-



ti. Anьn tysy ʙozomuq, ʙaşь kyldөj kөgyş, ʙutu ʙolso qapqara ʙolucu. Biz anь murda kicinekej terezesi ʙar, it çatuucu een çapmaƣa kirgizip qojduq. Taan elden murda ojƣonup alat da:

— Ujquŋar qandь, turƣula! — degensip, tumşuƣu menen terezeni coquucu.

Biz aƣan Galka dep at qojup alƣanʙьz. „Galka!“ dep caqьrsaŋ ele, — oşol zamat ucup kelip ijniŋe qonuucu.

Keede anь: „çyry, qurt qazalь!“, çe: „çyry, tamaq çejli!“ — desem, kyrөktyn çanьna curqap ʙarьp oozun coŋ acьp, tamaq kytyp turuucu.

Bir kyny yjdyn çanьna ʙir qartaŋ taan



qurt tiştep ucup kelip ʙizdin taanƣa ʙerdi, anan anь ajlanьp ucup turdu da, — çyr, keteli — degen sьjaqtuu ʙoldu. Mьna oşentip, ʙizdin taandь aldap qoşo eercitip ucup ketti.

Mьndan arь taanьʙьzdь kөrʙөjʙyz ƣo — dep ojloduq ele. Biroq ʙir nece kyn өtkөndөn kijin daƣь ʙir kicinekej taandь eercitip qajra keldi, oşentip, ekөө ʙirge tura ʙaştaştь. Biz kijinki kicine taandь Kicyysy — dep atap qojduq.



Galka kөp uʙaqta darʙazanьn sьrtьna ucup cьƣьp, ʙaşqa taandarƣa

ʙaruucu. Biroq „Galka!“ dep caqьrsaŋ ele, oşol zamat: „kau-kau...“ dep çoop ʙeryycy.

Keede ucup kelip menin ijnime qonuucu.

Eger yjdyn terezesi çaʙьq ʙolso, anda al:

— Emi kirgizseŋerci! — degensip, tumşuƣu menen terezeni coquucu.

Bir kyny Galka ucup ketip, oşol ʙojdon qajta kelgen çoq. Kicyysy çalƣьzsьrap, erigip, qurʙusun kytty. Galka oşol ʙojdon tap-taqьr kelʙej qojdu. Andan kijin Kicyysy da ucup ketti.

Al emi qartaŋ taan ʙolso daƣь ele ʙizdin yjgө ʙajьr alьp kelip çyrdy, dajьm yjdyn ystyndө ajlanьp ucup çyryycy da, өzynyn ʙalapandarьn caqьruucu... Biroq ec kim çoop ʙeryycy emes. Oşondon kijin qartaŋ taan da ucup ketip, oşol ʙojdon kelgen çoq.

*Zooparktьn qьzmatcьsь M. KRUMINA syjlөp ʙerdi.*



## CAR QARƢANЬN BALAPANЬ



Baqtьn arasьndaƣь çol menen car qarƣanьn ʙalapanь çөrgөlөp çyrdy. Өzy kicinekej ƣana ʙoluucu, anьn ystynө uca da aluucu emes.

Men ʙalapanƣa şapkemdi ьrƣьttьm. Balapan qanatьn serpip, sekirip ketti da, çol menen çөrgөlөp curqadь.

Men anь qarmap alьp, yjgө alьp keldim.

Yjdөgy mьşьq kөryp qalьp, ʙalapandan kөzyn ajьrʙaj tiktep, anь kөzdөj өŋyp ʙastь. Men mьşьqtь quup cьƣьp, eşikti ʙekem çaap qojdum. Balapan stoldun aldьna sekirip ʙarьp, stoldun ʙutun coqudu da oozun actь.

Men taʙaqqa syt qujup nan çiʙittim. Balapan nandь kөrdy da taʙaqtьn çanьnan azьraaq alьstap ketti. Tamaq çegendi al ʙile elek eken.

Anda men çibigen nandan qurttaj qьlьp toqoloqtodum. Tumşuqun aqьrьn eki qolum menen eki çaqqa açьratsam, balapan oozun actь, men nandь anьn oozuna salьp qojdum. Balapan çutup çiberdi.

Men baqtan coŋ qurt taap aldьm da, balapanqa alьp kelip berdim. Al oozun ezy ele acьp, qurttu çutup çiberdi. Mьna uşintip, al ezynce çem çej baştadь.

Al bat ele maqa yjyr alьp qaldь. Men yjge kelgen kezde, al aldьmdan tozup curqap cьqьp: qaaq, qaaq—dep qьjqьruucu. Men anь ojnotuuqa alьp cьqcuumun. Al cepty aralap sekirip çyryycy. Men anь: „Borka! Borka!“ — dep caqьrsam, qarap qojuucu da, maqa basьp kelyycy.

Balapan bat ele coŋojup qaldь da, azьraaq uca baştadь. Men anьn butunan jaşcikke bajlap, jaşcikti terezege qojdum. Bir kyny erteŋ menen ojqonsom balapanьm çoq.

Mьşьq çep qojdu beken? — dep qorqup kettim.



Biroq enem maqa mьndaj dedi:

— Erteŋ menen eki coŋ qarqa terezenin tybyne kelip qondu, anan balapandьn çanьna kelişti da anь tumşuqtarь menen sьlap, tarap turuşup, ucup ketişti. Andan kijin kep qarqa ucup kelişti. Alar qoŋşu yjlerdyn tebesyne qonup oturuştu da qaqьldaştь. Balapan da qaqьldadь. Anda eki qarqa ucup kelişti da, bizdin balapandьn butundaqь çibin coqup cece baştaştь. Biroq taqьr cece albaj qojuştu—dejt. Oşondo enem barьp cecip çiberiptir da, emne bolor eken dep, alьsьraaq çerden qarap turuptur.

Qarqalar ucup kelip qanattarь menen balapandь terezeden tyrte baştaşьptьr. Al bat, bat talpьnьptьr da, çerge ucup tyşyptyr. Oşol çerge başqa qarqalar da ucup kelişip, anь qanattarь menen kyylej baştaşьptьr.

Oşentip, alar balapandь qanattarьna keteryp, catьrdьn ysty menen başqa çaqqa alьp

вагьşьрtьг. Oşondon вeri men anь taqьr kөrgөn çoqmun.

*V. BЬKOVDUN syjlөgөny.*



## SӨZMӨR CӨKӨ TAAN



Acarcьlьq çьlь men emne kөrgөnymdy ajtьp вerejin. Terezenin tyвyndө tursam, menin çanьma qьzьl tumşuq kicinekej вir cөkө taan qonup qaldь.

Çetim ekeni вilinip turat. Oşol kezde mende вir вaştьq aqtaqan taruu вar вoluucu. Cөkө taan ucup kelgen sajьn oşol taruudan cacьp qojom da:

— Botqo çejsiŋвi, aqmaq? — dep surajm.

Taruunu terip çep aldь da ucup ketti. Mьna oşentip вir ajqa cejin kyndө ucup kelip çyrdy. Men вolsom, menin: „Botqo çejsiŋвi, aqmaq?" — degen suroomo: „Çejm!" degen çooptu uqsam dep çyrөm.



Al bolso, qьzьl tumşuqun acьp, tilin kersetet da tim bolot.

— Boluptur! — dep acuum kelip, aqa til yjretkenymdy taştap qojdum.

Kyzynde men bir çaman abalqa ucuradьm. Taruunu alьp cьqajьn dep ykekty acsam, icinde ecteme çoq. Мьna oşentip, uurular tazalap ketiptir. Tabaqta çarьm badьraŋ bar ele, anь da alьp ketişiptir! Men acqa çattьm. Tyny menen acqa oonalaqtap cьqtьm. Erteŋ menen kyzgyge kerynsem, — eŋym kepkek bolup qalьptьr.

Biree kelip terezeni tьqьldatьp certet. Qarasam ceke taan eken, tumşuqu menen terezeni coqulap çatьptьr.

Terezeni acьp, — qarmap alajьn — dep umtuldum. Al menden ucup barьp baqqa qondu. Men terezeden tyşyp baqqa da cьqa baştadьm. Al ejde çьldь. Men da çьlьp cьqьp baratam. Bir kezde taptaqьr ucuna bardь. Men başьna cьqa albaj qaldьm: butaqtar solquldap turuşat.

Al oŋʙoqur ysty çaqtan meni qarap:
— Botqo çeɉsiŋʙi, aq-ma-aq?—deɉt.

*M. PRIŞVINDIN syjləgəny.*



6829.

Baasь 40 t.

ПРОВЕРЕНО

Л. НЕЙМАН

ЧЕРНАЯ СЕМЬЯ

На киргизском языке

КИРГИЗСКОЕ ГОСУДАРСТВЕННОЕ ИЗДАТЕЛЬСТВО

ФРУНЗЕ 1939 КАЗАНЬ